# НЕГИЗГИ МЕКТЕПТЕ ОКУУЧУЛАРГА ЖЕКЕЧЕ МАМИЛЕ ЖАСООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Жунусакунова А.Д.**

*Жунусакунова А.Д. – п.и.к., доц.м.а., С.Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

***Аннотация*** *Бул макалада окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу, окуучуларды билим өздөштүрүү процессинде активдештирүү үчүн окуучуларга жекече мамиле жасоонун өзгөчөлүктөрү каралган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *традициялык окутуу процесси, инсанга багытталган окутуу, жекече мамиле, окуучулардын ишмердүүлүгү, өздөштүрүү, өз алдынчалык, чыгармачылык активдүүлүк, окуу маселери.*

***Аннотация*** *В этой статье рассматриваются индивидуальный подход и её особенности для активизации процесса усвоения учащихся и повышения эффективности результата обучения.*

***Ключевые слова:*** *традиционный процесс обучения, личностно-ориентированное обучение, индивидуальный подход, усвоения, самостоятельность, творческая деятельность, учебные задания.*

Азыркы коом окуучулардан билимди, билгичтикти жана көндүмдү гана өздөштүрүүнү талап кылбастан, чыгармачыл жөндөмдү, компетенттүүлүктү, демилгечиликти калыптандырууну да талап кылат. Бул талаптар Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн Концепциясында, Кыргыз Республикасынын орто билим берүүсүнүн мамлекеттик стандартында, ошондой эле алкактык куррикулумда жана математика предмети боюнча куррикулумда ачык көрсөтүлгөн [5; 6; 7]. Документтерде белгиленгендей, мындай талаптар адамзаттын баалуулугун ориентир кылып алуу менен инсандын жаңы шартка оңой адаптациялануу жөндөмүн окуучуларда калыптандыруу керек деген милдетти коёт. Бул документтерде алдыңкы орунга компетенттүүлүктү калыптандыруу, билим берүүнүн сапатын арттыруу маселелери коюлган, булар өз учурунда билим берүү системасын реформалоо үчүн чечкиндүү кадамдарды жасоо зарылдыгын пайда кылды.

Кыргыз Республикасында билим берүү системасын реформалоонун ар кандай жолдору, багыттары саясий жактан дагы, илимий жактан дагы сунушталууда. Бирок азыркы күнгө чейин актуалдуу проблемалардан болуп келе жаткан жагдай, бул окутуу процессинде окуучуларды максималдуу түрдө окуу иштердүүлүккө тартуу жана алардын өзгөчөлүктөрүн эске алуунун негизинде окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу.

Мугалим дайыма окутуу процессин жакшыртуунун аракетинде. Бирок, класстык окутуу системасынын кемчилиги ага улам жаңы ыкмаларды жана каражатарды, формаларды издөөгө, аларды колдонууга мажбурлайт. Бирок, мейли, кандай гана ыкмаларды мугалим колдонбосун, окутуу процессинде окуучулардын дээрлик көпчүлүгү окуу ишмердүүлүгүнө тартылбай калат. Орус окумуштуусу А.С.Границкая, традициялык окутуу процессиндеги окуучулардын ишмердүүлүгү тууралуу төмөнкүдөй кемчиликтерди белгилейт [3]: айрым окуучуларды сураштырууда калган окуучулар тим олтурушат; дептерлерди текшерүү көп убакытты талап кылат, а окуучуну баа кызыктырат; окуучулар сабакта ишсиз олтуруп, бекерчиликке көнөт жана сабакта угуп олтурган болумуш болуп, калп айтканды үйрөнөт; регулярдуу өз алдынча иш жүргүзүлбөйт; окуучулардын ишмердүүлүгү начар текшерилет жана көзөмөлгө алынбайт; начар кайтарым байланыш; жазуу иштери көбүрөөк уюштурулуп, анын негизинде текшерүүнүн баалоочу функциясынын ролу жогору; сабак учурунда окуучулардын адаптацияланышына жеткиликтүү мүмкүнчүлүк жок; дифференциялоочу тапшырмалар субъективдүү баалоонун негизинде аныкталат; окуучунун даярданбаган жоопторун жалпы класстын алдында угуу негизинен туура эмес, окуучунун өз күчүнө ишенүүсү жоголот; мугалим орто окуучуга ориентир алат.

Мындан, бардык окуучуларды билим өздөштүрүү процессинде активдештирүүсү, окуу материалын пайдалануу менен өз билимдерин практикада бекемдөөгө кантип катыштырууга болот деген суроо туулат.

Азыркы учурда бүткүл дүйнөдө жогорку натыйжаларга жетишүүнү көздөгөн жана улам барган сайын окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк көңүл бурган билим берүү практикасы кеңири таратылып жатат. Инсанга багытталган билим берүүнүн маани-маңызын ачып көрсөтүүгө арналган көп изилдөөлөр жүргүзүлүп келгендиги маалым. Инсанга багытталган билим берүү окуучуларды чыгармачылык активдүүлүккө, өз алдынча билим алууга, алган билимин улам жогорулатып, ой-жүгүртүүсүн өстүрүү маселелерин коёт. Окуучулардын мындай сапаттарын өстүрүүчү каражаттардын бири – бул окутуу процессинде окуучуларга жекече мамиле жасоо.

Жекече мамиле жасоо кокусунан эле пайда болуп калган проблема эмес. Анын ролу жана орду жөнүндөгү ойлор прогрессивдүү педагогдор, окумуштуулар тарабынан белгиленип келген. Мисалы, жекече мамиле жасоонун ролуна жана ордуна К.Д.Ушинский, Н.К. Крупская, И.Б.Бекбоев жана башкалар өз эмгектеринде кеңири орун беришкен.

Жекече мамиле жасоо окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу, жетишпөөчүлүктү жоюу жана анын алдын алуу гана каражаты катары каралбастан, окуучулардын таанып билүү өз алдынчалыгын калыптандыруунун жана ой-жүгүртүүсүн өстүрүүнүн жолдору деп да эсептөө керек. Жекече мамиле жасоонун маңызы окуучунун начар жана жакшы жактарын аныктай билип, начар жактарын жоюуга оң таасирин тийгизүүчү шарттарды белгилөө менен, окуучунун ар тараптуу өсүшүнө жана ийгиликтүү окуусуна тоскоол болуучу шарттарды жоюуда турат. Окуучулардын

жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү сабакты өздөштүрүүнү туура уюштурууга жардам берет, аларды ийгиликтүү окуусуна көмөк көрсөтүүчү шарттарды түзүүгө багыттайт .

Демек, окутуу процессинде жекече мамиле жасоо окуучуну активдештирип, өз алдынчалык ишмердүүлүгүн жогорулатат, өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн-өзү окутуу мүмкүнчүлүгү жогорулап, инсандык касиеттери калыптанат.

Чындыгында, класстагы окуучулардын окуу материалдарын түшүнүүсү, эсинде сактоосу, өздөштүрүүсү жана анын сапаты бирдей болбойт. Натыйжада, окуу материалдарын туура жетиштүү деңгээлде түшүнбөгөндүктөн башка жагдайда колдоно албаган окуучулар да кездешет. Себеби окуучулар өздөрүнүн жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жана тиешелүү окуу материалдарын өздөштүргөн деңгээлине жараша берилген материалдарды бир кылка өздөштүрө алышпайт. Ойлоо учурунда анализ жана синтез жүргүзүү менен терең түшүнүп эсинде сактаган билимин гана окуучу өз практикасында кеңири колдоно алат. Окуу материалын өздөштүрүү - окуучудан акыл чыгармачылыгын талап кылган активдүү процесс. Мында өздөштүрүүнүн аң-сезимдүүлүгүнө материалды активдүү кабыл алып, аны менен иш жүргүзө алуу көндүмүнө ээ болгон шартта гана жетишүүгө болот. Өздөштүрүү жана анын сапаты окуучунун ой-жүгүртүүсүнүн ийкемдүүлүгүнө көз каранды, ошондуктан өздөштүрүү түрдүү ылдамдыкта, тактыкта жана тездикте өтөт. Мындай процесс өз кезегинде мугалимден окуучунун окуу материалын өздөштүрүү ылдамдыгын жана тездигин билүүсүн талап кылат. Өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү жай окуучу мугалим түшүндүрүп бүткөнчө материалдын кандайдыр бир гана бөлүгүн эсинде сактайт.

Окутууну окуучулардын кандайдыр бир басымдуу топторуна ылайыктап жүргүзүү да туура эмес. Себеби, эгер окутууну жөндөмдүүлүгү орто окуучуларга ылайыктап жүргүзсөк, анда сабакты мыкты өздөштүргөн окуучулардын өнүгүүсү жасалма түрдө кечиктирилет жана жөндөмдүүлүгү начар окуучулар бул деңгээлге жетише албай кыйналышат. Ошондуктан бардык окуучулардын жетишүүсү талапка жооп бергидей болуу үчүн, окутууну жекелештирүү зарылчылыгы келип чыгууда. Ш. Жапаров, Э.Мамбетакунов, Р.Телебаева жекече мамиле жасоонун максаты катары окутуу процессинин ар бир баскычында окуучулардын жөндөмдүүлүгүн, кызыкчылыктарын, шыгын жана жетишкендиктерин толук пайдаланып, таанып билүүдөгү өз алдынчалуулугун өстүрүп, жогорку чыгармачылык менен иштөөсүнө шарт түзүү катары түшүндүрүшөт [4, 21-б.].

Демек, мындай шартты канааттандыруу үчүн окутуу процессинде жекече мамиле жасоо менен окуу маселелерин окуучунун денгээлине жараша тандалышы менен ишке ашыруу мүмкүн.

**Пайдаланган адабияттар**


1. Бекбоев, И.Б. Инсанга багытталган окутуунун теориялык жана практикалык маселелери [Текст]/ И.Б. Бекбоев. – Бишкек, 2004. – 342 б.
2. Бекбоев, И.Б. Материалдын маани-маңызын жеткире түшүндүрүп окутуу системасын түзүү (окуу материалын аңдап өздөштүрүүнүн жаңыча жолу) [Текст]/ И.Б. Бекбоев // Известия Кыргызской академии образования. Матер. межд.науч.-практ.конфер. «Состояние качества образования и его перспективы», посвященной к 80-летию Народного учителя КР, чл.-корр. НАН КР, д.п.н., проф. И.Б.Бекбоева. – Б., 2010. – С.3-8.
3. Границкая, А.С. Научить думать и действовать [Текст]/А.С.Границкая.– М., 1991. – 178 с.
4. Жапаров, Ш. Орто мектепте математиканы жана физиканы окутуу процессин өркүндөтүү маселелери [Текст]: мугалимдер үчүн методикалык колдонмо / Ш. Жапаров, Р. Телебаева, Э. Мамбетакунов.– Фрунзе,1982. –80б.
5. Концепция развития образования в Кыргызской Республике до 2020 года. Стратегия развития образования в Кыргызской Республике на 2012-2020 годы [Текст]. – Бишкек, 2012. – 114 с.
6. Куррикулум по предмету «Математика » для 5-9 классов [Текст].– Бишкек, 2010. – 45 с.
7. Рамочный национальный куррикулум среднего образования Кыргызской Республики [Текст]. – Бишкек, 2009. – 32 с.


***Рецензент: п.и.к., доц.м.а. М.Бекежанов***